**УДК: 372.878**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.64.07**

***Маматова М.***
*Ош мамлекеттик*
*педагогикалык университети*

# МЕКТЕПТЕГИ ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ БАЛДАРДА ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА МУЗЫКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН РОЛУ

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада мектептеги тарбиялоо процессинин маданияты көбүнчө музыканын духтары мектеп турмушуна канчалык сингендиги менен аныкталары баяндалган.Гимнастика –денени канчалык түзөсө, музыка да жан-дүйнөнү ошондой түзөйт.Окутуп, тарбиялоонун музыка менен айкалышы адамда жакшылыкка, кооздукка, адамгерчиликке тартуунун эн керемет, эн чебер каражаты болуп саналат.Адам музыканы угуп отуруп, жан дүйнөсү тазарат, жашоого умтулат, максат коет.Музыка менен адабият адамдын өзүндөгү жакшы, жаман сапаттарын өзүнүн сезүүсүнө көмөктөшөт.Музыка аркылуу адамда курчап турган дүйнөдөгү гана эмес,өзүндөгү ажайып, тендешсиз, эн сонун нерселер жөнүндөгү түшүнүгү ойгонот.

**Түйүндүү сөздөр:** музыка, инсан, окутуу, тарбиялоо, маданият,билим берүү, жөндөм, максат, руханий, адеп-ахлак.

***Маматова М.***
*Ошский государственный*
*педагогический университет*

# РОЛЬ МУЗЫКАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ У ДЕТЕЙ В ПРОЦЕССЕ ШКОЛЬНОГО ВОСПИТАНИЯ

**Аннотация**

Статья посвящена проблеме музыкального воспитания в школе. По мнению автора статьи, музыкальное образование воспитывает гармонично развитую личность, формирует в школьнике эстетическое чувство, понимание прекрасного. Сочетание обучения и воспитания с музыкой является самым чудесным и искусным средством привлечения в школьнике таких качеств, как: доброта, милосердие, человечность. Когда школьник сидит и слушает музыку, его душа очищается, он стремится к жизни, он ставит цели. Музыка, также как и литература способствует воспитанию в нем эмоциональной отзывчивости. Автор статьи считает, что музыкальное воспитание имеет огромное значение в формировании в школьнике высоких моральных качеств, общего познавательного интереса, расширения кругозора, любви и понимания прекрасного.

**Ключевые слова:** музыка, личность, обучение, воспитание, культура, образование, способности, цель, духовность, мораль.

***Mamatova M.***
*Osh state*
*pedagogical university*

# THE ROLE OF MUSIC EDUCATION IN THE FORMATION OF PERSONAL QUALITIES IN CHILDREN IN THE PROCESS OF SCHOOL EDUCATION

**Abstract**

This article describes that the culture of the school education process is largely determined by the extent to which musical spirits are integrated into school life.Gymnastics – just as it straightens the body, music also straightens the soul.The combination of education and upbringing with music is the most wonderful and skillful means of attracting goodness, beauty, humanity into a person.When a person sits and listens to music, his soul is cleansed, he strives for life, he sets goals.Music and literature are good in the person himself, promotes self-awareness of bad qualities.Through music, a person awakens an understanding of the beautiful, incomparable, beautiful not only in the world around him, but also in himself.

**Keywords:** music, personality, education, upbringing,culture, education, abilities, purpose, spirituality, morality.

Музыка–бул ойдун кубаттуу булагы. Анткени, музыкасыз баланын акыл-эсинин толук баалуу өнүгүшү мүмкүн эмес. Уюткулуу түптүү элибиздин турмушу музыка менен тыгыз байланышта өткөн. Адамда дилдин назиктиги, сезимталдыгы өндүү сапаттар бар. Ал айлана-чөйрөгө кубануу жана кайгыра билүү жөндөмдүүлүгүн күчөтүп койгондугунда. Дили назик сезимтал адам башка адамдын кайгысын, азап-тозогун,кырсыгын унута албайт; абийир аны жардамга келүүгө мажбурлайт. Ал эми бул сапатты музыка менен гана калыптандырууга болот. Бул маселени кыргыз окумуштуулар өздөрүнүн иштеринде абдан жакшы изилдешкен. Мисалы, Муратова А.М., Токмергенов Т. ушул көйгөйгө көнүл буруп кыргыз элдик музыкасы аркылуу мектеп окуучуларды эли-жерин сүйгөнгө, ошол элдик музыка аркылуу өз элинин када-салты, үрп-адаты менен, тарыхы, маданияты менен тааныштырса болот деп жазышкан [ 9, 72 - б. ].

Адеп –ахлактык жана эстетикалык жактан тарбияланган адамга тиешелүү болгон дилдин сезимталдыгы жүрөктүн жакшы сөзү, акыл-насаатка, кенеш берүүгө ак тилек каалоого тез ийигендигинде. Эгерде сиз жашоого үйрөтүүшүн, сиздин тарбиялануучунуз жакшылыкка умтулушун кааласаныз, жаш жүрөктүн назиктигин, сезимталдыгын тарбияланыз. Жаш жүрөккө таасир этүүнүн көп сандаган каражаттарынын арасында манилүү орундар музыкага таандык.

Мектептеги тарбиялоо процессинин маданияты көбүнчө музыканын духтары мектеп турмушуна канчалык сингендиги менен аныкталат. Гимнастика –денени канчалык түзөсө, музыка да жан-дүйнөнү ошондой түзөйт. Окутуп, тарбиялоонун музыка менен айкалышы адамда жакшылыкка, коздукка, адамгерчиликке тартуунун эн керемет, эн чебер каражаты болуп саналат. Адам музыканы угуп отуруп, жан дүйнөсү тазарат, жашоого умтулат, максат коет. Музыка менен адабият адамдын өзүндөгү жакшы, жаман сапаттарын өзүнүн сезүүсүнө көмөктөшөт. Музыка аркылуу адамда курчап турган дүйнөдөгү гана эмес,өзүндөгү ажайып, тендешсиз, эн сонун нерселер жөнүндөгү

түшүнүгү ойгонот.

Музыка–бул ойдун кубаттуу булагы. Анткени, музыкасыз баланын акыл-эсинин толук баалуу өнүгүшү мүмкүн эмес. Музыка –адамдын ойлоосу, айта турган сөзү, коргонуучу куралы болуп эсептелет. Музыкалык элес балага айлана-чөйрөдөгү нерселерге жана кубулуштарга топтолот да , анын ою ачык –айкын көрүнүштү тартат. Ал эми ал көрүнүш сөз менен айтып берүүгө түрткү берет. Бала жаны элестер жана ой жүгүртүүлөр үчүн дүйнөдөн материал алып, сөз жаратат. Музыка- элестөө-кыял чабыты-жомок-чыгармачылык-бала өз рухий күчтөрүн өнүктүрүп жүрүүчү чыйыр жол мына ушул. Музыка баладагы ачык-айкын элестерди ойготот.

Музыкада да сөздөгүдөй эле чыныгы адамдык касиет билдирилет. Баланын музыканы сезгичтигин өөрчүтүү менен биз анын оюна,умтулуусуна канат бүтүрөбүз. Эне тилдин жандуу, жүрөктү элжиреткен сөздөрүндөй эле, музыка да баланын алдындагы айлана-чөйрөдөгү, дүйнөнүн кооздугу ачылат. Баланын бала чагы оюнсуз, жомоксуз өтүүгө мүмкүн болбогон сыяктуу эле, музыкасыз өтүүгө да мүмкүн эмес.

Музыка-бул тарбиячы менен балдардын рухий жалпылыгын пайда кылган эн ыңгайлуу чөйрө. Балдардын рухий турмушунун чөйрөсүндө музыканын ролу өтө чоң. Анткени, айрыкча өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жөнөкөй кенеш берүүчү сөздү, кара сөз менен айтканга караганда, музыка менен коштоп айтсан, ал мин эсе тез таасир этет. « Музыка инсандын руханий өсүүсүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Ал адамдын нравалык,эмоционалдык жана эстетикалык чөйрөсүн бириктирет. Музыка-сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эн терен , эн назик жерине музыка жетет. Ошондуктан тарбия музыкасыз болсо ал кемчил болуп калат. Музыка менен ыр –окуу предмети эле эмес. Эгерде музыканы –сезимдин тилиндеги окуу китеби деп эсептесек, анда бул предметтин алиппеси табияттын музыкасын угуудан башталат. Табяттын музыкасы канчалык сонун болбосун , чындап келгенде ал музыка деле эмес. Ал тамга, аны үйрөнүп алган киши гана сезимдин тилиндеги китепти окууга кирише алат. Чоордо ойнолгон эн жөнөкөй обон музыкалык маданиятка булбул менен торгойдун ажайып сайраган үнүнөн мин эсе жакын. Табияттын музыкасын угузуудан балдарды жашынан музыкалык аспаптарда ойноону үйрөтүүгө, музыканы угузуп, музыкалык чыгармачылыкка алып баруу зарыл» [ 3 ]. Д.Кабалевский музыка жөнүндө төмөнкүдөй сонун оюн калтырган. « Музыка адамдын жашоосунда кошумча эмес, ал жашоонун өзү. Адам музыканы канчалык көп угуп, өзү тынымсыз кыңылдап ырдап жүрсө гана, анын бүт инсандык сапаттары өсүп, шык таланттары оожалат », - деген [ 4 ].

Ал эми улуу ойчул Ч. Дарвин : « Эгерде мен жарык дүйнөдө кайрадан дагы бир жолу жашай алсам, эн жок дегенде аптасына бир жолу бир нече ыр окушту жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрдөгү активдүүлүктү мүмкүн, сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготууга барабар эмеспи, мүмкүн акыл жөндөмүмө , андан да көбүрөөк адеп ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр » , - деген ойду айтат [ 3 ].

Демек музыка сабагы инсандын ар тараптан өркүндөп жетилүүсүнун эн күчтүү каражаты. Музыкалык тарбия адам баласына ар түрдүү тармактар аркылуу берилет. Б.а. адам коомунун өнүгүшүндөгү ар түрдүү багыттагы көркөм искусствонун булактары аркылуу музыкалык тарбия жүрөт. Адам коомунун өнүгүш жолунда искусство чыгармалары бири-биринен бөлүнбөй , узакка чейин бирге өнүгүп отурган, кийинчерээк гана ал тарамдарга бөлүнгөн. Мисалы, элдик чыгармалар

менен музыканын байланышын алып көрсөк. Күчтү бириктирүү үчүн, оор жумушту женилдетүү үчүн дүйнө элдеринин бары эле үндү, доошту пайдаланышкан. Мисалы, кыргыздардын «Оп майда ыры», «Бекбекей ыры », «Шырылдан», «Алдей ырлары» ж.б.

Белгилуу музыка таанучуу Ж.С.Дуйшеналиевдин айтымында: « Азыркы күндө өлкөбүздө жалпы билим берүүчү орто мектептерде музыка сабагы жеткиликтүү өтүлүп жатабы? Алгач, бул суроого жооп берүү үчүн айлана-тегерегибизде, тагыраак айтканда, коомубузда эмне болуп жатканына көз чаптырып, баамдап көрөлүчү. Бүгүнкү биздин жашообуз күнүмдүк турмушубуз да болуп жаткан экономикалык кыйынчылыктарга гана көз каранды болбостон, психологиялык кыйынчылыктарга да көз каранды болуп келүүдө. Алар татаал медициналык, өндүрүштүк, турмуштук, экологиялык жана терс көрүнүштөгү бизди курчап турган кылмыштуулук кырдаалы болуп эсептелет. Мындай кырдаал адам баласынын мүмкүнчүлүктөрүн психикалык жактан тез-тез, эбегейсиз терс тарапка жогорулатып, турмуштук татаал шарт түзүүгө өбөлгө түзүп жатканы анык. Көптөгөн терс эмоционалдык абалдар, анын ичинде кыжырдануу менен далилсиз коркуу агрессиясы, тынчсыздануу менен чочулоо, көңүлсүз абал менен депрессия биздин замандаштарыбызды, улууларды жана кичүүлөрдү нервдик-психикалык жактан ашыкча жүктөргө алып келип жатат. Бул эмне дегендик? Биздин оюбузча, азыр мектеп окуучуларга жеткиликтүү жана далилдүү билим, тарбия бере албай, ааламдашуу заманында окутуунун жаңы технологияларынын алдында эмес, артында калып, олуттуу каталык кетирип жатат десек болот » [ 1 ]. « Ооба, чынында, жаш инсанды тарбиялоодо турмушта кездешүүчү татаалдыктарга туруштук » берип, аларды жеңүүгө түздөн-түз окутуп тарбия берип, « келечекте жаш муунду даярдоого багытталган предметтин жоктугу абдан олуттуу каталардан болуп эсептелет. Себеби, орто мектептин бүтүрүүчүсү адабият менен тарых, химия менен физика, математика менен географияж. б. у. с. билим берүү тармактарынан билим алып, эң мыкты таанып билүүчүлүккө ээ болуп, өзүнүн менчик тагдырына багышталган жеткиликтүү багыт алууга жардам берүүчү билимге ээ болуу укугу заманбап окуу планында каралбагандыгы туура эмес экендиги ачыкка чыкты » [ 1 ].

« Бул эмнеден көрүнүп турат? Биринчиден: Биздин көптөгөн орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү турмуштук өз жолун тандап алууда жөнөкөй күнүмдүк жардамга муктаж экендиги, профессионалдык карьерасын жана өздүк турмушун пландаштырууда башкалар менен компетенттүү баарлашууну, өзүн-өзү жана айлана-чөйрөнү талдай билбегендиги, ар кандай түрдөгү пикир келишпөөчүлүктөрдү чече албагандыгын жана аны ачып көрсөтө албагандыгын көрүп турабыз. Мындай көрүнүштөр өспүрүм жаш инсанды өз алдынча турмушка аттануу астындагы жолдордо көптөгөн психологиялык кыйынчылыктарга алып келүүдө » [ 1 ], ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтердин жыйынтыктары жана натыйжалары катарыда кароого болот. Психологиялык тоскоолдуктарга туш болгондо, ин санда жашоого болгон ишенбөөчүлүк менен канааттанбоочулук пайда болуп [ 1 ], акыры неврологиялык кыйшаюуга алып келери анык. Ичимдик ичип кетүү, чылым чегүү, баңгизаттарды пайдалануу же ишенимсиз, такталбаган агрессияга дуушар болуу анын компенсациясы катары саналат.

Булардын натыйжасында, биздин мектеп балдарынын эмоционалдык жактан жеткиликтүү калыптанып өсүүсүнө жетишерлик көңүл бөлүнбөй жаткандыгы себеп болуп келе жатат десек болот. Кээ бир проблемалар искусство тармагына кирген сабактарда формалдуу түрдө чечилүүдө. «Бирок, музыка предметинин практикалык бөлүктөрүндө

музыканын жардамы менен окуучуларды психологиялык жактан эмес, эстетикалык жактан калыптандыруу бир канча деңгээлде чечилип келе жатат. Азыркы кээ бир заманбап окуу программалары боюнча окутулуп келе жаткан окутуу процесси, окуучулардын эске тутуусу менен логикалык маалыматтарды кайрадан иштеп чыгуусуна багытталып түзүлгөндүгүн кошумчалап коюу» зарыл [ 1 ].

«Башкача сөз менен айтканда, мектептеги предметтин мазмуну жана окутуу жүктөмдөрү негизинен баш мээнин сол жарым шаарчасына багытталат да, предметте көрсөтүлгөн маалыматтарды иштеп чыгуусуна жардам берет. Бирок, баланын кыймылсыз жана аракетсиз жаткан мээсинин оң жарым шаарчасына окутуу процессине аралаштыруу жана аны менен реалдуу түрдө байланыштыруу, көптөгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, укмуштуудай ийгиликтерди берүүсү далил болгон. Ошондуктан, жакынкы мезгилде жалпы билим берүүчү орто мектептерде музыка сабагынын мазмуну олуттуу түрдө» [ 1 ] өзгөрүүсү зарыл. «Бирок, кайсы багытта өзгөртүүлөрдү киргизүү керек?! Биздин оюбузча, жалпы билим берүүчү тармактарда музыканы бир кыйла кенен жана терең багытта, адаптацияланган жана психологиялык коррекциялык максатта окутуу зарыл» [ 1 ]. «Азыр бардык эле мектептерде жана жождордо окутулуп жаткан предметтерде, ден-соолукту сактоого керектүү болгон технологияларды колдонууну сунуш кылышууда [ 5 ]. «... азыркы коомдогу санариптештирүү системасы коомдук жашоонун ажырагыс бөлүгү ... Санариптештирүү мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө болот …», - деп эсептейт Г.М.Мурзахмедова [ 10, 62 - б. ].

«Ал технологиялар окуучулардын азыркы муундарын жеткиликтүү, сапаттуу окутуу үчүн жана ден-соолугуна минималдуу терс таасирин тийгизгидей кылып окуу материалдарын өздөштүрүүсүнө жардам бериши керек. Акыркы он жылдын ичинде жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөргө таянсак, орто мектепти» аяктаган бүтүрүүчүлөрд [ 1 ] үн 10 пайызы гана ден-соолугу эң мыкты деп табылган. «Бул багытта чечилбей келе жаткан проблемалар абдан көп. Биздин көз карашыбызча маанилүү болгон үч негизги проблемаларды айталык. Алар төмөнкүлөр: Биринчи проблема: алекситимия – бул деген өзүнүн (бала) сезимин билдирүүгө жөндөмсүздүгү, сезимин билдирүүгө болгон мүмкүнчүлүгүн билбегендиги. Мындай абал бронхи астмасы, гипертония, кант диабети» [ 1 ] ж.б. у.с. татаал психосоматикалык ооруларды «пайда кылууга бирден-бир себепчи болору медицина илими тарабынан далилденген» [ 1 ].

«Экинчи проблема: аддикция – бул кимдир бирөөгө же кандайдыр бир нерсеге көз карандылык болуп эсептелет. Азыркы күндө компьютерге болгон көз карандылык күндөн-күнгө өсүп бараткан мезгил. Ошондой эле андагы оюндарга болгон шопинг – көз карандылыгы болуп эсептелет. Үчүнчү проблема: дислексия – бул окууга болгон жөндөмдүүлүктүн» [ 1 ] төмөндүгү. «Эми, ушул проблемаларды чечүүдө музыканын жана искусствонун башка түрлөрү, баланын окууга болгон жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, ден-соолугуна тийгизген оң таасиринин мүмкүнчүлүктөрү абдан арбын экендиги анык болууда» [ 1 ].

Белгилүү окумуштуу-психолог Л.С.Выготский «… искусство – биздин жашообуздагы кыйын, кооптуу болгон мезгилдерде нерв энергиясына абдан керек болгон күч жана организмди тең салмакта кармап туруучу татаал ыкма», – деп таамай айткан [ 1 ]. «Бул багытта

музыка сабагында мугалим өзүнүн окуучуларына ашыкча толкундануунү», агрессивдүүлүктү «төмөндөтүү үчүн стресске каршы» [ 1 ] музыканы колдонуп, анын коштоосунда дем алууну жана дем чыгарууну үйрөтө алат. Мугалим өзүнүн окуучуларына «музыканын жардамы аркылуу «ресурстук абал» деп аталган терең бошоңдоонун ыкмаларын үйрөтө алат. Мындай абалда окуучулар жумушка, билим алууга болгон жөндөмдүүлүгүн орнотушат жана бир эле убакта иммунитетин бекемдөөгө жетишет» [ 1 ]. Акыры стресс менен күрөшүүгө жана мээнин оңжана сол жарым шарларынын «координациясын мыктылоого багытталган атайын кинезиологиялык кыймылдатуучу көнүгүүлөрдү, методдорду колдонсо пайдалуу болот. Тилекке каршы, көпчүлүк учурларда заманбап музыка мугалимдери мындай» [ 1 ] ыкмаларды, көнүгүүлөрдү билишпейт.

Азыркы күндө мындай ыкмалар англиялык психолог жубайлар Полжана Гейл Деннисондордун эбегейсиз жана талыкпаган иш-аракеттеринин алкагында дүйнө жүзүнө кеңири жайылтылып, натыйжалуу колдонулуп келе жатат. Драйден Гордон менен Вос Джаннеттин «Окутуудагы революция» аттуу китеби көп тираж менен жакында эле жарык көрдү. Бул китепте искусство, музыка, көркөм өнөр, түстөр менен боёктор жөнүндө жана кыймыл-аракеттер (ритмика) сыяктуу сабактарды окуу процессинде кеңири окутуу балдардын акыл-ээсинин калыптанышына абдан мыкты таасир этип, искусстводон такыр эле алыс болгон математика, физика ж. б. сабактардан жетишүүсүнө укмуштуудай таасир эткени кеңири маалымдалган» [ 1 ].

«Жашоодогу негизги максат – баланын ден-соолугун чыңдоого жана анын дени сак болушуна гана камкөрүү болбостон» [ 2 ], ошол мыкты ден-соолуу эмне үчүн балага керектигин түшүндүрүү. «Азыркы баланын руханий байлыгынын өсүшүнө жогорку деңгээлдеги сапаттуу искусство жана заманбап гуманисттик психология абдан жардам» [ 2 ] берери талашсыз. Бала турмушка башкача көз караштa карай баштайт жана өзүн мурункуга караганда бир кыйла бактылуу сезе баштаганын билет. Эгер искусство жөнүндө тереңирээк «ойлонсок, ал адамдын мүнөзүн жакшыртууга эбегейсиз зор таасир тийгизет. Бирок, азыркы телерадио берүүлөрдөн көрсөтүлүп жаткан искусствонун бүт эле жанрлары, алардын ичинен кино, элдик ырлар, классикалык музыка ж. б. келечек муундардын руханий муктаждыктарын канааттандырып, эң бийик чектеги руханий ырахаттануусуна жеткизе алабы? Албетте, жок. Себеби, искусствонун бардык жанрларына тиешелүү болгон материалдардын сапаты жана ирреттүүлүгү жагынан төмөн, көрүүчүнүн жана угуучунун ички дүйнөсүн, атуулдук сезимин ойгото турган музыкадагы обондуулук жок, элдик ырлардын ыргактык гармониясы түп нускасынан бузулган жана жалпы көркөм өнөргө тиешелүү болгон эстетикалуулукту көздөгөн эмес» [ 2 ]. Ушул жерде белгилүү ойчул Сократ жөнүндөгү уламышты айтууну туура таптык. «Ал мындайча болгон экен: Сократ өзүнүн окуучулары менен Афинанын айланасында сейилдеп, тоого чыгып бараткан болот. Аларга тоодон түшүп келе жаткан Фрина жолугуп калат. Ошол кезде өзүнүн салабаттуулугу, кара өзгөйлүгү менен таанымал болгон кара ниет Фрина Сократка тийишип, кыжырлана баштайт. Өз доорунда Фринанын башкаларга окшобогон азгыргыч, кара өзгөй образын орустун белгилүү сүрөтчүсү Семирамидский «Фрина Посейдон майрамында» аттуу картинасында абдан ачык чагылдырган» [ 1 ]. Ошондо Фрина Сократка заардуу күлүмсүрөй карап мындай дептир: «Сократ, сенин абдан акылдуу болумуш эткен окууң эч нерсеге

татыбайт. Азыр мен манжаларым менен бир эле шилтеп койсом, сени ээрчиген кем акыл окуучуларың менин артымдан жөнөшөт». Анда Сократ: «Туура айтасың, бул – табигый нерсе. Себеби, мен окуучуларымды жогору жакты көздөй баштап жатам, а сен болсо төмөн жакка багыт берип жатасың. Эгерде биздин максатыбыз Сократтыкына окшош болсо, Фринанын артынан эмес, Сократтын артынан кеткенибиз оң болот» [ 1 ].

Ушул жерде искусствонун биздин турмушубуздагы пайдалуу ролу жөнүндөгү Диогенге байланыштуу үлгү-насыят аңгемени айтып берүүнү эп көрүп турам. Ал мындай болуптур. «Диогенге бир күнү өзүнүн жакын досу келип, келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш кифаристти («Гитара» деген сөз байыркы Грециядагы «Кифара» деген сөздөн келип чыккан) угуп өз баасын берүүнү өтүнөт. Диоген макул болот да, досу менен бирге жаш музыкантты угуп келүүгө барат» [ 1 ]. Ал музыкант өзүнүн гитарасында эмнегедир аябай начар, уккулуксуз кылып ойнойт. «Музыкант бир да нотаны туура ойной албай, бир канча жолу адашып да» [ 1 ] кетет. «Бир кезде музыкант» ойноп бүткөндөн кийин, Диоген ордунан тура калып кол чаап «өзүнүн ыраазычылыгын билдирет. – Сен эмне үчүн кол чаап жатасың, ал абдан начар ойноп бербедиби?» – деп сурайт досу Диогенден. – Ойногонду билбесе да, токтоп калбастан аягына чейин ойноп берди. Ал эч кимди зордуктабайт, өлтүрбөйт, эч нерсени уурдабайт! Мен ошол үчүн кол чаап жатам», – деген экен Диоген [ 1 ]. «Биздин көптөгөн орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү турмуштук өз жолун тандап алууда жөнөкөй күнүмдүк жардамга муктаж экендиги, профессионалдык карьерасын жана өздүк турмушун пландаштырууда башкалар менен компетенттүү баарлашууну, өзүн-өзү жана айлана-чөйрөнү талдай билбегендиги, ар кандай түрдөгү пикир келишпөөчүлүктөрдү чече албагандыгын жана аны ачып көрсөтө» албагандыгын көрүп турабыз [ 1 ].

Азыркы замандагы баш-аламан , музыкасы менен сөзү дал келбеген, мааниси жок музыканын балдардын рухий өнүгүүсүнө терс таасирлерди тийгизип жаткандыгын эч ким тана албайт. Көп жылдык тажрыйба адам эне тилин да, музыкалык маданияттын алиппесин да бала чакта гана өздөштүрөөрүнө –күүнүн көркөмдүгүн кабылдоо , түшүнүү, сезүү, ага кубануу же кайгыруу жөндөмүнө ээ болооруна ишендирет. Бала чакта колдон чыгарып жибергендерди жетилген куракта кайра кайтарып алуу кыйын, мүмкүн эмес. Балдардын жан-дүйнөсү эне тилине да, жаратылыштын коозлугуна да музыкалык күүгө да бирдей өлчөмдө сезимтал келет. Эгерде бала кичине кезде музыкалык, адабияттык көркөмдүк анын жүрөгүнө жетсе, ал жашоодо эн жогорку баскычка жетет. Музыка менен адабият актер, музыкант эмес, эн биринчи адамды тарбиялоочу эн күчтүү искусство.

«Мугалим болуу бул улуу иш. Мугалим – устат, окутуучу, тарбиячы, багыт берүүчү, түшүндүрүүчү, насаатчы, окуучулар ички сырын бөлүшкөн сырдана киши. Мугалимдик кесиптин ысык – суугуна каниет кылып өз кесиптик милдетин ак ниет менен аткаруу эрдикке (айрыкча азыркы шартта) тете иш. Ар бир адам бул жашоодо өз бактысын издейт, бактылуу болууга умтулат. Жаш муундар үчүн жакшы мугалимден окуп калуунун өзү чон бакыт. Бул турмушта өз устатын табуунун өзү бакыт » [ 8 ]. Бекеринен А.Македонский « Атам менин денемди жаратса устатым Платон менин акыл-эс жигеримди жаратты мен үчүн экөө тең бирдей », - деп айтпагандыр [ 11 ]. Мына ушундай өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан гана мугалимди экинчи ата-эне деп айтышат

Ошондуктан, мектепте музыка сабагын өтүүдө балдарда адептүүлүктүн элементтерин, инсандык сапаттарында

калыптандырууда кыргыз санат-насыят ырларындагы үлгүлүү саптарды, кол ойноткон мааниси терең күүлөрдү, уламалуу Манас эпосторун, айтыштарды, кыргыздын нукура музыкасын такай колдоно алсак, биз келечекте жаман инсандарды тарбиялабайбыз. Ата-мекенибиздин өсүп-өнүгүүсү биздин адеп-ахлагыбызга байланыштуу экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Ар бирибиз таза болсок, коом дагы таза болот. Жашообуз жакшы болуш үчүн эн алгач ар бир адам өзү адептүү , мекенчил, билимдүү болуш керек.

**Адабияттар**

1. Дуйшеналиев Ж.С. Азыркы коом ... Азыркы мектеп ... же кыргыз музыкасынын мектепте окутуусунун зарылдыгы эмнеде?! [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://kao.kg/images/stories/doc/218_004.pdf(датаобращения:11.08.2023)
2. Влияние музыки на сознание подростка [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://elibrary.ru(датаобращения:10.08.2023)
3. Абдулатов А. Эстетикалык тарбия. Лекция 18. [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://multiurok.ru/files/lektsiia-18-estetikalyk-tarbiia.html(датадоступа:12.09.2023)
4. Задачи изучения произведений Рыспая Абдыкадырова. [Электронный ресурс]. Режим доступа:http://elibrary.com(датаобращения:10.09.2023) URL:https://presskg.com(датаобращения:11.09.2023)
5. Ниязбеков К. Таланттуу ырчы [Электронный ресурс]. Режим доступа: https// kyrgyztoday.kg(датаобращения:10.08.2023)
6. Рахматов Н. Значение музыкального воспитания в развитии зрелости личности. [Электронный ресурс]. Режим доступа:https://cyberleninka.ru/article/n/znachenie-muzykalnogo-vospitaniya-v-razvitii-zrelosti-lichnosti(датаобращения:12.06.2023)
7. Черникова Н. Формирование эстетической культуры будущих учителей в процессе изучения педагогических дисциплин [Электронный ресурс]. Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/formirovanie-esteticheskoy-kultury-buduschih-